Нино Сурмава

# Сүлөөсүн



УДК 087.5
ББК 28.6
Н 67

Н 67 Сүлөөсүн / Нино Сурмава.
Б.: USAIDдин “Келгиле, окуйбуз!” долбоору, 2020. - 24 б.

ISBN 978-9967-9247-4-1

Бул китеп USAIDдин окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча “Келгиле, окуйбуз!” долбоору тарабынан грузин тилинен которулуп ылайыкташтырылды.

Автордук укуктар жөнүндө маалымат: ©2012-2018 АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин (USAID) Грузиядагы башталгыч мектептерди өнүктүрүү боюнча долбоору (G-PriEd), Контракттын № - AID-114-C-11-00003. Долбоорду Chemonics International Inc. ишке ашырган. Бардык укуктар корголгон.

Китеп Creative Commons CC-BY 4.0 лицензиясынын шартында таркатылат. Лицензиянын көчүрмөсү төмөнкү шилтемеде берилген: https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/deed.ru

Н 4802000000-19
ISBN 978-9967-9247-4-1

УДК 087.5
ББК 28.6

Нино Сурмава

# Сүлөөсүн



Бишкек 2020

Сүрөттү карасаң! Бул үй айбанатын таанийсыңбы? Сен аны үйдөн же көчөдөн көргөнсүң. Аны менен кичинекей балдар ойногонду жакшы көрүшөт. "Бул мышык!" деп сен дароо эле жооп бересиң. Сен ар түрдүү жана ар башка түстөгү мышыктарды көргөн чыгаарсың.



Эми бул сүрөттү кара!



Сен бул дагы мышык деп ойлойсуңбу? Кунт коюп жакшылап карасаң, бул такыр башка жандык экенин көрөсүң. Бул жапайы жаратылышта жашайт жана абдан сүрдүү.

Бул эки айбанаттын айырмасын көрүп жатасыңбы? Жакшылап карап, алардын тумшугун, кулактарын, буттарын салыштырып көрчү. Экөө тең мышыктар түркүмүнө киргени менен эки башка.

Эң негизги айырмачылык - жашоо чөйрөсүндө жана мүнөзүндө.

Мышык - үй жаныбары. Ал үйдө жашайт жана жароокер. Бирок ачуусу келгенде тытмалап, тиштеп алышы да мүмкүн.

Бул болсо – сүлөөсүн, токойдо жашайт. Ал чоң, жапайы жана жырткыч мышык.



# Сүлөөсүн кайда жашайт?

Сүлөөсүндү калың токойдон, кээде аскалуу тоонун боорунан көрсө болот. Сүлөөсүн өзүнүн түнөгүн кулап калган дарактардын астына, бактын көңдөйүнө, аска-тоонун жаракасына же үңкүргө салат. Түнөктө сүлөөсүн балдарын чоңойтот, уктайт же эс алат.





Бул сүрөттү карачы. Сүлөөсүндүн артында анын түнөгү көрүнүп турат. Сенин оюңча – бул жер ал үчүн коопсузбу?

## Сүлөөсүндүн кебетеси, өңү кандай?

Сүлөөсүндүн бир нече түрү бар. Алар бири-биринен түсү, көлөмү жана салмагы менен айырмаланат. Алар кызыл-күрөң, сары-бозомтук түстө жана бутунда, аркасында же боорунда тактары болот. Узундугу 80-110 см, салмагы 10-20, айрым учурларда 30 килограммга чейин жетет. Эркек сүлөөсүн ургаачысына караганда салмактуу болот. Денеси кыска, буттары күчтүү, узун, ал эми таманы жазы болот. Куйругу кесип салгандай кыска.

Жазы таманынын жардамы менен сүлөөсүн үн чыгарбай басат. Бул айрыкча аңга чыкканда абдан жардам берет. Кээде сүлөөсүн тамак издеп бир күндө 30 км аралыкты басып өтөт.

*Үйдө мышыгың барбы?*
*Анын көлөмүн жана салмагын билесиңби?*
*Мышыгыңдын көлөмүн жана салмагын сүлөөсүндүн көлөмү жана салмагы менен салыштырып көрчү.*



## Сүлөөсүн кантип аң уулайт?

Сүлөөсүн - абдан сак жаныбар. Анын кулагы сак. Өзүнүн антеннага окшогон топ кылдуу кулагынын учтары менен сүлөөсүн алыстан эле болгон кыймылдын баарын угуп турат. Жада калса эс алып жатканда да ал тегерегинде болгон кыймыл-аракеттин баарын байкап турат. Жыт билүү сезими да жакшы өрчүгөн.



Аң улоого чыкканда ал бадал менен таштардын артына жашынат.

Ал олжосун буктурмада аңдып жатып, тушуна келгенде секирип чыгып, басып калат.

Адатта аңчылыкка түнкүсүн чыгат. Ургаачы сүлөөсүн күндүз да, түнкүсүн да аңчылыкка чыгат. Себеби ал кичинекей балдарынын курсагын тойгузуш керек.



# Тикенектүү баш калка

Мышык сыяктуу эле сүлөөсүн дагы дарактардын чокусуна чыга алат. Көбүнчө ал ушинтип аң уулайт - азыгын аңдып туруп, үстүнөн секирип басып калат. Бирок душманы өзүнөн күчтүү болуп калса, ал дароо эле дарактын башына качып чыгып кетет.

Бир жолу АКШнын Аризона штатында пума сүлөөсүнгө кол салат. Ал жерде бак жок, болгону чоң кактустар өсчү экен. Сүлөөсүн кактустун тикенектүү сөңгөгүнө жармашып, заматта эле анын чокусуна чыгып кетет. Ал пума кеткенче чыдамдуулук менен кактустун чокусунда отура берген. Сүлөөсүндүн мындай чыдамдуулугу  аң уулоодо абдан пайдалуу.





# Камкор эне

Сүлөөсүн адатта 2-3 бала тууйт. Алар жазында же жайында туулат. Сүлөөсүндүн балдары абдан кичинекей туулуп, салмагы болгону 200-250 грамм болот. Кичинекей сүлөөсүндүн кулагы укпайт, көзү көрбөйт. Көздөрүн туулгандан 8-12 күн өткөндөн кийин ачышат. Бир айга толгончо энеси сүт менен багат, андан кийин тамак жеп башташат. Ургаачы сүлөөсүн аңчылыктан келген соң балдарын чогултат. Энесинин үнүн уккан кичинекей сүлөөсүндөр уясынан чыгып, тамакка жулунушат. Балдарынын курсагы тойгончо, энеси тамaны менен бетин “жууйт”. Тамактын калдыгын энеси катып коёт.



Эгер баласын бир жерден башка жерге көчүрүш керек болсо, сүлөөсүн аны акырын жонунан тиштеп алып барат.



## Кичинекей айбаттуу сүлөөсүндөр

Туулгандан бир ай өткөн соң кичинекей сүлөөсүндөр бири-бирине айбат көрсөтө башташат. Окумуштуулардын пикиринде бул алардын жеген азыгынын өзгөрүшүнө байланыштуу. Дал ушул жашка жеткенде сүлөөсүн балдарын чийки эт менен бага баштайт, ошондуктан алар чыныгы жырткыч болуп жетилишет. Зоопаркта бул куракка жеткен сүлөөсүндөрдү бири-биринен убактылуу бөлүп коюшат.



# Кыргызстандагы сүлөөсүндөр

Сүлөөсүн Кыргызстандын тоолорунда жана токойлорунда жашайт. Ал суук жана катаал аймактарда жашоого көнгөн. Кышында анын жүнү калыңдап, түсү көгүлтүр боздон сары-кызылга чейин өзгөрүп, аркасындагы, курсагындагы жана капталындагы тактарынын өңү азыраак байкалып калат. Сүлөөсүндүн негизги азыгы – коён, чаарчык, улак, марал, суур жана ар түрдүү куштар. Адамдар сүлөөсүндүн кооз жана үлпүлдөгөн терисине кызыгышып, ага аңчылык кылышат. Ошол себептен сүлөөсүн тукум курут болуу абалында турат. Көптөгөн өлкөлөрдө сүлөөсүнгө аңчылык кылууга тыюу салынган. Кыргызстанда сүлөөсүн Кызыл китепке киргизилип, 1986-жылдан бери ага аңчылык кылууга тыюу салынган.



Мамлекеттик коруктарда сүлөөсүндөр атайын көзөмөлгө жана коргоого алынган.

Кээде сүлөөсүн тамак издеп, адамдар жашаган аймактарга да түшөт. 2017-жылдын декабрь айында Нарын облусунун бир тургунунун короосуна сүлөөсүн кирген. Аны ошол эле жерден карап көрүшүп, корукка коё беришкен.



Адамдар сүлөөсүн жапайы жырткыч экенине карабастан аны колго үйрөтүүгө аракет жасашат. Кемин районунун жашоочусу Кемин дарыясынын жээгинен кичинекей 10 айлык сүлөөсүндү таап алган. Анын оң көзү жаралуу болгон.

Кыргыз Республикасынын Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын кызматкерлери бул кичинекей сүлөөсүн үй шартында кармалган деп болжошкон. Сүлөөсүндү «Бугу Эне» фондуна өткөрүп беришкен. Бул фонд Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик инспекция менен бирге жапайы айбанаттарды жана куштарды мыйзамсыз аңчылыктан коргоо багытында иш алып барат.

## Сүлөөсүндүн эң белгилүү түрлөрү:



- Пиренея сүлөөсүнү Испанияда гана жашайт;
- Канада сүлөөсүнү Аляcканы, Канаданы жердейт;
- Кызыл сүлөөсүн түштүк Канадада, АКШда, Мексикада кездешет;
- Туркестандык сүлөөсүн Борбордук Азиянын тоолорунда кездешет.

# Пиренея сүлөөсүнү тукум курут болуу абалында турат

Сүлөөсүндүн бардык түрлөрүнөн так ушул пиренея сүлөөсүнү кырылып жоголуу коркунучунда турат. 10 000 жыл мурда мышык түркүмүнүн кээ бир түрлөрү таптакыр жок болуп кеткен. Алардын арасында кылыч азуу жолборс (смилодон) бар. Алардын кебетесин жана тышкы көрүнүшүн археологиялык изилдөөлөр аркылуу эле биле алабыз. Тилекке каршы, пиренея сүлөөсүнү жакынкы арада мышыктын жоголуп кеткен түркүмүнүн тизмесин толуктап калышы мүмкүн.

Маалыматтар боюнча, 1960-жылы 4 000 баш пиренея сүлөөсүнү катталган. Акыркы 50 жылдын ичинде алардын саны кескин азайып, бүгүнкү күндө 200дөн да кем сүлөөсүн калган.

# Тамак-аштын жетишсиздиги

Башка сүлөөсүндөргө салыштырмалуу пиренея сүлөөсүнү кичинекей, ошондуктан ал кичинекей жаныбарларды гана кармап жей алат. Анын негизги азыгы - европа жапайы коёну. Андан тышкары, ал кемирүүчүлөр, майда куштар, жылан жана курт-кумурскалар менен азыктанат. Эркек сүлөөсүнгө бир күндө бир коёндун эти жетиштүү. Балдары бар ургаачы сүлөөсүнгө бир күндө 3 коёндун эти да аздык кылат.

Бирок коёндор массалык эпидемиянын кесепетинен кырылып кеткен. Негизги азык кескин азайып кеткендиктен, пиренея сүлөөсүнү чоңураак жандыктарга аңчылык кылууга аргасыз. Бул дагы кошумча кыйынчылыкты түзөт.

Анын үстүнө коёндорго түлкү, жапайы иттер да аңчылык кылып, сүлөөсүнгө алар менен теңтайлашууга туура келет. Сүлөөсүндүн өлүмүнүн себеби болуп көбүнчө тамак-аштын жетишсиздиги саналат.

## Жашоо чөйрөсүнүн тарышы

Пиренея сүлөөсүнүнүн көбөйүшүнө жашоо чөйрөсүнүн тарышы да тоскоол болуп келет. Токойлорду кыюу, жол куруу, темир жол салуу, жасалма көлдөрдү уюштуруу жана шаар четине чоң үйлөрдү салуу менен адамдар сүлөөсүндүн жашоо чөйрөсүн кыскартып жатышат.



1960-1990-жылдары адамдар сүлөөсүндүн жашоо чөйрөсүнүн 80 пайызын ээлеп алышкан. Пиренея сүлөөсүнү эмен токоюнда жашайт. Эмендин кабыгын адамдар бутылка пробкаларын, үй буюмдарын, там жасалгалоо материалдарын чыгарууда, пол төшөөдө, машинанын запастык тетиктерин чыгарууда, крикет жана бейсбол топторун жана башка миң түркүн буюмдарды жасоодо колдонушат.



Адамдар даракты кыйышпайт. Болгону кабыгын сыйрып алышат. Дарак жашоосун уланта берет, бирок мындай “тытмаланган” токой сүлөөсүндүн жашоосуна жараксыз болуп калат. Сүлөөсүн абдан сак болгондуктан, ызы-чуудан качып, мындай жерден алыс кетүүгө шашат.

# Жол кырсыктары

Акыркы учурда 10дон ашуун сүлөөсүн автоунаа кырсыгынан өлүшкөн. Сен бул анча деле көп эмес деп ойлошуң мүмкүн. Бирок дүйнөдө болгону 200 баш сүлөөсүн калганын эске алганда, алардын ар биринин өмүрү маанилүү экенин түшүнөсүң. Жол салгандан кийин төлдөөгө жарамдуу сүлөөсүндөрдүн саны азайды.



## Мыйзамсыз аңчылык

1970-жылдан бери пиренея сүлөөсүнүнө аң уулоого тыюу салынган. Бирок буга карабай деле сүлөөсүн браконьерлердин курманы болуп келет. Браконьерлерди сүлөөсүндүн териси жана эти кызыктырат. Кээде сүлөөсүн башка жандыкка коюлган капканга түшүп калып өлөт.

## Пиренея сүлөөсүнүн коргоо

Бүгүнкү күндө Эл аралык жаратылышты коргоо боюнча фонду (WWF), өкмөттүк эмес уюмдар жана Европа биримдиги (EU), ошондой эле Испаниянын өкмөтү пиренея сүлөөсүнүн коргоо үчүн болгон аракеттерин жумшап жатышат.

Алардын бириккен аракеттеринин натыйжасында пиренея сүлөөсүнүн саны өсө баштады. 2009-жылы алардын саны 230 баш болгон. Ошондой эле улуттук коруктарда 200дөн 300гө чейин сүлөөсүн катталган. Буга карабастан пиренея сүлөөсүнүн жалпы саны абдан эле аз жана келечекте алардын жок болуп кетүү коркунучу сакталууда.

## Пиренея сүлөөсүнүн коргоо үчүн:

- эмен токойлорун көбөйтүү зарыл;
- интернет аркылуу пиренея сүлөөсүнүн абалы тууралуу маалымат таркатуу зарыл;
- айбанаттарды коргоо боюнча программаларга активдүү катышуу керек.

**Адабият**

Кыргызстандын жапайы жаратылышын коргоо боюнча коому – КЖЖКК (ОО НАБУ) 2010-2015ж; Мониторинг маалыматтары; (Торопова В.И., Кулагин С.М., Хардер Т., Сагынбаев С., Еремченко В.В.)

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - **4.1 деңгээли**
  - 4.2 деңгээли

Басууга 01.03.2020 кол коюлду.
Форматы 60 x 84 1/16.
1,5 басма табак.
Нускасы 8360. Заказ № 29.
Офсеттик кагаз.

ЖЧК «Алтын Тамга»
720040, Бишкек ш., А.Орозбеков көч., 44.
Тел.: (+996 312) 62-13-10
E-mail: altyntamga@mail.ru